| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ТОН РАЙОНУ**<br>**АК-ТЕРЕК**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТОНСКИЙ РАЙОН**<br>**МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**<br>**АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын XV кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 10-июну №211 Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл аймагындагы жеке ветеринардык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдүн өлчөмүн бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын ветеринария жаатындагы мыйзамдарына ылайык, айыл аймагындагы ветеринардык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, жаныбарлардын ден соолугун коргоо жана ветеринардык тейлөөнүн бирдиктүү тартибин камсыз кылуу максатында, Тон райондук бириккен жеке ветеринардык адистер уюму тарабынан бекитилген жеке ветеринардык адистер тарабынан көрсөтүлгөн акы төлөнүүчү кызматтардын бааларын карап чыгып, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаттарынын сунушу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Тон райондук бириккен жеке ветеринардык адистер уюму тарабынан бекитилген жеке ветеринардык адистер тарабынан көрсөтүлгөн акы төлөнүүчү кызматтардын сунушталган бааларынын тизмеси тиркемеге ылайык бекитилсин жана Ак-Терек айыл аймагындагы жеке ветеринарларга колдонууга берилсин.

2. Ак-Терек айыл аймагындагы жеке ветеринарлар көрсөтүлгөн кызматтар үчүн төлөмдөрдү бекитилген баалардын негизинде жүргүзсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Т.Т. Ормуковага тапшырылсын.

**Төрага** **А.А. Мамбетов**